DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2021

Шербаева Ж.Р.

ААЛАМДАШУУ ДООРУНДАГЫ ЭЛДИК ЖОМОКТОРДУН ГЕНЕЗИСИ ЖАНА АЗЫРКЫ АБАЛЫ

Шербаева Ж.Р.

ГЕНЕЗИС И СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ НАРОДНЫХ СКАЗОК В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

J. Sherbaeva

GENESIS OF FOLKTALES IN THE ERA OF GLOBALIZATION AND THEIR CURRENT STATE

УДК: 372.3.4.

Макалада элдик жомоктордун генезиси кеңир ачыкталып, жомокко берилген дүйнөлүк адабияттагы аныктамалар, илимий божомолдор тууралуу сөз болгон. Жомоктун поэтикасы кеңири ачыкталган. Терминге байланыштуу бир нече окумуштуулардын пикирлерине анализ жасалган. Байыркы замандардан бери эле фольклордук чыгармалар адам үчүн курчап турган чөйрө, адамдардын ортосундагы мамиле тууралуу түшүнүктөрүн чагылдыруунун каражаты болуп келгендиги каралган. Жомок фольклордун бир түрү катары элдин дүйнө таанымын, моралдык принциптерин, эстетикалык, диний түшүнүктөрүн, социалдык жана маданий баалуулуктарын көрсөтүп турат. Жомокту изилдөөдө татаал жана талаш туудурган маселелердин бири болуп генезис жанры маселеси эсептелет. Элдик жомоктордун келип чыгуусу тууралуу маселеде бир нече принципиалдуу ажырымга ээ агымдар же мектептер бар экендиги каралган. Жомоктун пайда болуусун далилдөөнүн натыйжалуу ыкмасы болуп тарыхый усул эсептелерине ынануу менен: биринчиден, белгилүү мезгилге – жердин жаралуусуна байланыштуу; экинчиден, элдик жомокту аныктоо максатында тарыхый мамиле анын келип чыгуусунун сырткы объектисине кайрылууга мүмкүндүк берет. Элдик жомоктун пайда болуусу тууралуу маселеде, биринчи кезекте, биз жомоктор дүйнө элдеринин фольклордук мурасынын контекстинде пайда болот жана өнүгөт деген фактыга таяндык.

Негизги сөздөр: *элдик жомок, генезис, уламыш, легенда, фольклор, поэтика, принципиалдуу мамиле, тарыхый мамиле.*

В данной статье довольно глубоко раскрывается генезис народных сказок, говорится о научных гипотезах и приводятся определения сказок из мировой научной литературы. Автор широко раскрывает поэтику сказок. Статья содержит анализ мнения некоторых ученых, связанных с терминологией в данной области. Автор отмечает, что с древних времен фольклорные произведения являются средством познания сведений об окружающей человека среде и взаимоотношениях людей. В сказке как одном из жанров фольклора показаны моральные принципы народа, его мировоззрение, социальные и культурные ценности. В изучении сказки одним из спорных и сложных вопросов является проблема генезиса жанра. Автор останавливается на течениях и школах, которые имеют принципиальные разногласия по проблеме возникновения сказок. В статье отмечается, что в решении проблемы возникновения сказок наиболее продуктивным считается исторический метод: во-первых, связь с известным периодом – возникновением земли; во-вторых, этот метод дает возможность обращения в внешним факторам, повлиявшим на развитие сказок как жанра фольклора. В исследовании данной проблемы автор в первую очередь опирался на тот факт, что сказки возникают и развиваются в контексте фольклорного наследия народов мира.

Ключевые слова: *народная сказка, генезис, былина, легенда, фольклор, поэтика, принципиальное отношение, исторический подход.*

The article deals with the genesis of folk tales, definitions and scientific hypotheses in the world literature. The poetics of the fairy tale is widely disclosed. The opinions of a number of scientists about the term are analyzed. Since the ancient time, folklore has been considered as a means of expressing ideas about the environment and human relations. As a form of folklore, a fairy tale reflects the worldview, moral principles, aesthetic, religious ideas, social and cultural values of people. One of the most difficult and controversial issues in the study of fairy tales is the question of the genre of genesis. The question of the origin of folk tales tells that there are trends or schools that have several fundamental differences. An effective way to prove the origin of a fairy tale is to make sure that the historical method is calculated: first, for a certain period - in connection with the creation of the earth; secondly, the historical approach and the external object of its origin.to identify a folk tale. When we speak about the origin of folk tales, we primarily rely on the fact that they arise and develop in the context of the folklore heritage of the world people.

Key words: *folk tale, genesis, myth, legend, folklore, poetics, principled approach, historical approach.*

Жомок – оозеки элдик прозанын негизги түрлөрүнүн бири. Маалыматтык максатта айтылган оозеки баяндоонун башка түрлөрүнөн (уламыштар, легендалар, дастандар, жомоктор) жомокту анын ойдон чыгарылгандыгы, сюжетинин кызыктуулугу, угуучулардын көңүлүн көтөрүү жана тарбиялоо үчүн багытталган баяндоо максаты айырмалап турат.

Алгач ирет жомоктун тарыхнаамасы (батыш европалык илимдерге жомок таануу багытына кеңири экскурс жасоо) С.В. Савченконун «Орус эл жомогу. Жыйноо жана изилдөө тарыхы» аталыштагы ишинде берилген [1].

Кийинчерээк, XX кылымда аталган изилдөө М.К. Азадовский, Ю.М. Соколов, В.П. Аникин, Э.В. Померанцева ж.б. алдыңкы фольклористтердин эмгектеринде пайдаланылган. С.В. Савченко XIX кы-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

лымдагы ата мекендик фольклористиканын жетишкендиктерин жалпылоо менен жомокторду изилдөөнүн андан аркы жолдорун белгилеп кеткен.

Аталган жанрды изилдөө үчүн олуттуу булактык база бар: XVII-XVIII к.к. жомоктор жыйнагы (М.Д. Чулков, С.Е. Друковцев, П.А. Тимофеев, В.Л. Левшин), ошондой эле орус сөзмөрлөрү тарыхы тууралуу В.Г. Белинскийдин, И.Н. Пыпиндин, О.Ф. Миллердин, Н.А. Добролюбовдун, П.В. Владимировдун эмгектери жана сын макалалары.

Жомокторун иликтөөдө аны жанр катары караган изилдөөлөрдө төмөндөгү багыттар белгиленди:

1) «жомок» терминин аныктоо маселеси;
2) жомок жанрынын генезиси;
3) жомоктордун классификациясы;
4) жомоктун поэтикасы.

«Жомок» терминин аныктоо маселесин изилдөө илимде XIX кылымдын 40-50-жылдарынан тарта башталат, ал В.Г. Белинскийдин, К.С. Аксаковдун, А.Н. Афанасьевдин, Б.М. Соколовдун жана Ю.М. Соколовдун, А.И. Никифоровдун ж.б. эмгектеринде каралган. Окумуштуулар алдында жомок деп эмнени эсептеш керек, же бардык эле фантастикалуу аңгемелерди жомок деп айтса боло береби, же мындан тышкары жомоктук эмес прозаны эсептесе болобу деген суроо коюлууда. Изилдөөчүлөрдүн пикири жомокту аныктоодо маңыздуу белгилерин тандоо аспектисине келгенде ажырап кетүүдө. Бир катар фольклористтер жомок деп «айтылгандарды», «оозеки айтылган бардык аңгемелерди» эсептейт [2, 34]. Ю.М. Соколов мындай деп жазат: «Элдик жомоктор деген кеңири түшүнүктө биз фантастикалуу, авантюралуу-новеллисттик жана турмуштук мүнөздөгү оозеки поэтикалык аңгемени элестетебиз» [3, 190].

Жомокту фольклордун башка жанрларынан айырмалоо аракетин К.С. Аксаков жасаган: «Биздин пикирибизче, байланыштыруу менен ырлардын ортосунда кескин ажырым белги жатат… Жомок – жамак (ойдон чыгарылган, ал эми ыр – уламыш…» [4, 27]. Ошентип, жомокту аныктоодогу негизги белгиси катары «жамактын», башкача айтканда ойдон чыгаруунун болушун белгилейт.

Аксаков тарабынан артыкчылык берилген бул белги айрым тактоолор, толуктоолор менен А.И. Никифоров берген терминдин негизине кирген: «Жомоктор – бул эрмектөө максатында эл ичинде айтылган тиричилик маанисиндеги өзгөчө окуяларды (фантастикалык, кереметтүү же турмуштук) камтыган жана өзгөчө композициялык-стилистикалык курулушу менен айырмаланып туруучу оозеки аңгемелер». А.И. Никифоров «көңдөй жомоктор кала берет деген пикирге кошулбайт. А.И. Никифоров жомоктун «үч маанилүү» белгисин көрсөтөт: «биринчи белги – угуучуларды эрмектөөгө максатталган», «заманбап жомоктордун экинчи белгиси – тиричилик пландан алганда мазмуну өзгөчө»; «жомоктун үчүнчү, маанилүү белгиси – аны куруунун өзгөчө формасы…» [5, 171].

Н.В. Новиков «жомокту айтуучу да, угуучу да жомоктогу кереметтердин реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнө ишенгени же ишенбегени жомок үчүн аныктоочу мүнөзгө ээ эмес». Окумуштуунун пикири боюнча, мындай жагдайга карабастан, «жомок бойдон кала берет».

Жомокто айтылган окуялардын чындыгына алгач ишенбейт, бул белги, В.Г. Белинскийдин аныктоосу боюнча жомок терминин аныктоодо чечүүчү ролго ээ. Уламыштар менен жомокторду салыштыруу менен ал жомокчу өзү айткандарына өзү ишенбейт, ичинен өзүнүн аңгемесине күлкүсү келет деген көмүскөдө ой байкалып турат» деп эсептейт [6, 312].

XX кылымдагы орус жомок таануучулардын негиздөөчүлөрү жомокту жана анын өзгөчөлүктөрүн изилдөөнү улантышууда. Аларга: М.К. Азадовский, В.Я. Пропп, В.М. Жирмунский. Э.В. Померанцева, В.П. Аникин, И.П. Лупанова сыяктуу окумуштуулар киргизүүгө болот. Заманбап фольклористикада жомоктун сюжетин куруу боюнча (С.Г. Лазутин, В.Я. Пропп, Е.М. Мелетинский, В.Б. Шкловский), мезгил жана мейкиндик мыйзамдары боюнча (Д.С. Лихачев, В.А. Бахтина, Н.М. Герасимова, С.Ю.Неклюдов), жомоктук фантазиянын табияты тууралуу (Д.Н.Медриш, Е.М. Неелов, В.С. Непомнящий), жомоктук жанрдын өзгөчөлүгү тууралуу (Н.И. Кравцов, Н.М. Ведерникова, Э.В. Померанцева, В.П. Аникин), тарыхый жана мифологиялык тармылануусу тууралуу (Э.В. Померанцева, В.Я. Пропп, Е.А. Тудоровская, Е.М. Мелетинский, А.Ф. Анисимов) көптөгөн фундаменталдуу эмгектер бар.

XX кылымдын фольклористтеринин эмгектеринде элдик жомоктордун бир нече аныктамасы белгилүү.

Э.В. Померанцева жомокко аныктама берүүдө анын ойдон чыгаруу сыяктуу маанилүү белгисин баса белгилейт: «Элдик жомоктор – ойдон чыгарууга багытталган прозалык, кереметтүү, авантюралуу же турмуштук мүнөздөгү эпикалык көркөм чыгарма». Мындай көз карашты бардык эле окумуштуулар бөлүшө бербейт. Мисалы, В.П. Аникин, К.В. Чистов, Л.Г. Бараг, С.И. Азбелев бул пикирди четке кагат. В.П. Аникин: «Жомоктун эң негизги белгиси болуп ойдон чыгаруу болбостон, реалдуулукту жогору кө-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

төргөн же төмөн түшүргөн шарттуу-поэтикалык ойлоп табуунун жардамы менен жашоо чындыгын ачып берүүгө багытталуу эсептелет. Анын формалары элдин байыркы жана ошондой эле кийинки тарыхый мезгилдеги дүйнө таанымдык, тиричиликтик түшүнүктөрүнүн кеңири чөйрөсү менен тыгыз байланышта калыптанган».

В.А. Бахтина жомокко анын фантастикалуу жана кереметтүү – Анын пикиринде, «жомоктук фантастика – бул реалдуулуктан бийик турган, айрым учурда аны жокко чыгарган кереметтүү, өзгөчөлүү фантастика» [7, 55].

В.Я. Пропп жомокко аныктама берүүдө анын негизги болгон – ойдон чыгаруу принцибин белгилейт: «Жомок – бул көбүртүп-жабыртылган поэтикалык функция, аны эч качан чындык катары берүүгө болбойт».

В.И. Далдын «Толковом словаре живого великорусского языка» сөздүгүндө мындай деп түшүндүрмө берилет: «Жомок – козголгон ишке берилген көрсөтмө, түшүндүрмө, суракка алынган адамдын жообу, күбөлөрдүн сөзү, окуя, кырсык тууралуу отчет». Бул аныктаманын мааниси А. Болотовдун түшүндүрмөсүнө жакындаштырылган.

С.И. Ожегов жана Н.Ю. Шведованын редакторлугу алдында чыккан «Толковом словаре русского языка» сөздүгүндө «сказка» бир нече мааниге ээ:

1. Баяндама, адатта ойдон чыгарылган адамдар жана окуялар, көбүнчө кереметтүү, фантастикалуу күчтөр тууралуу элдик-поэтикалык чыгарма.
2. Ойдон чыгарылган, апыртма.
3. Керемет сыяктуу эле.

Бул өндүү аныктамалар «жомок» түшүнүгү тууралуу түшүнүктөрдү да, жомок жанрынын негизги компоненттерин синтездөөгө аракеттенишкен изилдөөчүлөрдүн илимий иштерин да өзүнө камтып алган.

Байыркы замандардан бери эле фольклордук чыгармалар адам үчүн курчап турган чөйрө, адамдардын ортосундагы мамиле тууралуу түшүнүктөрүн чагылдыруунун каражаты болуп келген. Жомок фольклордун бир түрү катары элдин дүйнө таанымын, моралдык принциптерин, эстетикалык, диний түшүнүктөрүн, социалдык жана маданий баалуулуктарын көрсөтүп турат.

Жомокту изилдөөдө татаал жана талаш туудурган маселелердин бири болуп генезис жанры маселеси эсептелет. Элдик жомоктордун келип чыгуусу тууралуу маселеде бир нече принципиалдуу ажырымга ээ агымдар же мектептер бар: мифологиялык, тарыхый, өздөштүрүп алуу мектеби (миграциялык).

Элдик жомоктордун генезисин изилдөөгө олуттуу салым кошкондордун бири катары антропологиялык мектепти айтууга болот. Фольклордук көрүнүштөрдүн окшоштугу бул багыттын өкүлдөрү тара-бынан этнографиялык тартиптеги окшоштукту билдирген айрым учур катары каралат. Антроплогисттердин көз карашы боюнча, окшоштук бардык элдер үчүн жалпы белгилүү болгон адамдын психологиясы мыйзамдарында тамыр алган.

Мифологиялык теория Батыш Европада XIX кылымдын башында пайда болгон.

Анын негиздөөчүлөрү болуп немис окумуштуулары В. жана Я. Гримм эсептелет, алар «Kinder und Hausmarchen» деген эмгегинде биринчилерден болуп ар кыл европа элдеринин жомокторунун келип чы-гуусу жана окшоштуктары тууралуу илимий масе-лени көтөргөн. Өз эмгегинде В. жана Я. Гримм индоевропалык биримдик доорунда жомок миф болгон деп тастыктайт. Алардын пикири боюнча, илим ал кезде мындай мифтин мүнөзү кандай болгондугун аныктоо үчүн жетиштүү каражаттарга ээ эмес болгон. Дин кудайлардын дини болуп, жомок gotter mythen – кудайлар тууралуу мифке барып такаларын айтышкан. Бир тууган Гриммдер өзүнүн алдына немец мифологиясын калыбына келтирүү максатын коюшкан, ал үчүн алар байыркы германдыктардын фольклорун жана тилин изилдөөгө киришкен. Окумуштуулар улуттук маданияттын тамыры байыркы элдик ишенимге – бутпарастыкка барып такаларын биринчи жолу айтышты. Я. Гриммдин «Немецкая мифология» башкы эмгеги боюнча фольклористикадагы алгачкы теориялык багытты атай баштады.

Россиядагы мифологиялык теорияны улантуучу катары 1840-1850-жылдар аралыгында «биринчи орус окумуштуу-фольклористи» Ф.И. Буслаевди айтууга болот. Бир туугандар Гриммден кийин Буслаев фольклордун, тилдин жана мифологиянын ортосундагы байланышты аныктайт, элдин көркөм чыгармачылыгынын жамааттык табиятынын ринцибин бөлүп карайт. Буслаев индоевропеизм көз карашын жомоктун мифологиялык мүнөзү тууралуу жобосу аркылуу негиздейт, ал өткөн заманда жомоктордун эл аралык окшоштугу тууралуу маселе менен байланышта каралган: «Бул элдердин мифология, тил, ырым-жырым жана поэзия боюнча жакындыгы, индоевропалык элдердин түбү теги жалпы тарыхый келип чыгуусу бир экендиги менен аныкталары эч күмөн жаратпайт».

Өткөн убакта ал үчүн жомок – бул миф, жана бул миф салыштырмалуу изилдөөгө алуу аркылуу калыбына келтирилиши керек. Байыркынын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

калдыгы катары жомок өзүндө бардык индоевропалык тилдерге жалпы тиешелүү байыркы мифтерди камтып турат, бирок бул мифтерар кандай тарыхый таасир-лерден улам жаңыланган кийинки муундарда өзүнүн маңызын жоготкон. Андыктан, Буслаевдин пикири боюнча, ойлордун кийинки образына карата уламыш эмес, келжиректик, ойдон чыгарылгандык болуп калды. Буслаевдин «Славян жомоктору» эмгегинде жомок алгачкы коомдогу мифтин чагылдырылышы деп айтылган.

Немис окумуштуусу Ф. Крейцердин «Байыркы элдердин, өзгөчө гректердин символикасы жана мифологиясы» деген эмгегинде «жомок миф болгон» деген идеясы тастыкталат. Крейцердин пикири боюнча, мифтер айрым адамдар, атап айтканда жрецтер тарабынан ойлоп чыгарылган, алар калктын калың катмары үчүн жеткиликсиз болгон философиялык окууну жогорку символдорго салып, аны массанын колдонуусуна сунуштаган.

XIX кылымдын 60-жылдарынын ортосунда Россияда «кенже мифчилердин» (О.Ф. Миллер, А.Н. Афанасьев) салыштырма мифология мектеби пайда болот. О.Ф.Миллердин солярдык-мифологиялык концепциясында асман, күн, чагылган, күндүн күркүрөгөнү тууралуу алгачкы түшүнүктөр мифтин негизинде жатат деп айтылат. Байыркы дин жаратылышты, анын күчтөрүн ыйык туткан дин болгон. Миллердин мээнети менен зор материал олуттуу тандоого алынып, байыркылыгы ар кыл катмарларды орус эпосунда аныктоо менен тарыхый тиричилик элементтерин мифологиялык элементтерден ажыратуу аракети жасалган.

XIX кылымдын 70-жылдарына карата мифологиялык мектепте кризис байкала баштайт. Жомоктогу баяндоодо окшоштук маселеси келип чыгат, жана мындай окшоштук индоевропалык бирдейликтин эмес, элдердин ортосундагы маданий баарлашуунун, өз ара алакалашуунун натыйжасы катары түшүндүрүлөт. Мына дал ушул көз караштан орус изилдөөчүсү А.Н. Пыпин айрым сюжеттерди изилдөөгө киришкен. «Байыркы повесттердин жана орус жомокторунун адабий тарыхынын очерки» аталыштагы китебинде сюжеттин саякаттоосу түшүнүгү менен дал келүүчү сюжеттердин адабий тарыхы түшүнүгү киргизилет. «Византия, бир жагынан, арабдарга грек адабиятынын жаркын заманынын чыгармаларын жеткирген… Экинчи жагынан, ага сириялык, персиялык жана араб котормолору аркылуу жеткен – Чыгыштын поэтикалык дастандары, ал эле эмес, индиялык эпос менен өзү да таанышкан; герман жана роман элдери менен болгон байланышынан улам ал батыш европалык жомоктордун бай мурасына жол ачкан». Пыпин бизге Византиядан чыгармалардын кирүү жолдорун түштүк славяндарга, Польшага, роман-герман дүйнөсүнө алып барып такайт, жана мындай саякаттоолор зарыл көрүнүш экенин белгилейт: Поэтикалык чыгармалардын мындай саякаты кадимки жана зарыл көрүнүш болгондуктан, кандай гана кызыктуу дастан же повесть болбосун, ар туш тарапка, ар кыл элдерге тарап, өзүнүн физиономиялык түрүн өзгөрткөн, муну менен мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн жоготпогон, узакка созулган адабий тарых-таржымалга ээ болгон». Ошентип, Пыпин өз ишинде жомоктук сюжеттердин мифологиялык келип чыгуусуна жол берүү менен элдик жомоктун генезисинен кайтат, бирок көңүл чордонун саякаттоочу сюжеттерге бурат. Өзгөчө оозеки жана жазуу салттарынын карым-катышы тууралуу маселени кеңири карап чыгат. Анын пикири боюнча, алар бири-бири менен катышып, жалпы тагдырга ээ болушу мүмкүн, бирок автор оозеки жана жазма берүүнүн бири-бирине дал келбегендигин айтат: «Биздин жомоктордун басымдуу бөлүгү оозеки берилип келгендиктен гана алиге дейре жашап келе жатат, андыктан алардын мазмунун айланасын, жана элдик фантазиялык чыгармалардын бутакташын так аныктоо өтө кыйын».

Теодор Бенфей элдик жомоктун генезиси маселеси боюнча өзүнөн мурунку окумуштуулардын көз караштарын системдештирди. «Панчатантры» китебин иликтөөгө алуу менен, аны кийинки монгол, байыркы иран, сирия, араб, байыркы еврей, антикалык, византиялык, роман-грек тилдерине которулушун салыштыруу менен ал төмөнкүдөй тыянакка келген: «Аңгемелер, анын ичинен өзгөчө жомоктор алгач индиялык болгон… Менин Чыгыштын жана Батыштын тамсил, жомок жана аңгемелер жаатындагы изилдөөлөрүм айрым-айрым тамсилдер, бирок жомоктордун жана аңгемелердин басымдуу көпчүлүгү Индиядан чыгып бүткүл дүйнөгө таралган деген жыйынтыкка алып келди». Бенфей жалпы прозалык фольклордун сюжеттик молдугунун келип чыгуусунун индиялык тегин тастыктап, Эзоптун тамсилдеринин негизинде аларды антикалык доорго алып барып такайт. Окумуштуу индиялык чыгармалар Батыш Азиянын аймагына, андан ары – Африкага, Сенегалдын тургундарына жана түштүккө карай бечуандар менен готтентторго чейин жеткен деп эсептейт. Таралуу пункттары катары бул учурда Византия, Италия, Африка аркылуу Испания эсептелген. Ал эми б.э. I кылымынан тарта буддалык адабият менен кошо алар Кытайга жана Тибетке байма-бай кирип турган. Бул өлкөлөрдөн тышкары

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

индиялык сэжеттер монголдорго да жеткен. Монголдор, өз кезегинде, жомоктук материалды орустарга жеткирген, ал араны литвалыктарга, сербдерге жана чехтерге чейин узаткан.

Элдик жомоктордун генезисин изилдөөгө олуттуу салым кошкондордун бири катары антропологиялык мектепти айтууга болот. Фольклордук көрүнүштөрдүн окшоштугу бул багыттын өкүлдөрү тарабынан этнографиялык тартиптеги окшоштукту билдирген айрым учур катары каралат. Антроплогисттердин көз карашы боюнча, окшоштук бардык элдер үчүн жалпы белгилүү болгон адамдын психологиясы мыйзамдарында тамыр алган.

Антропологиялык теориянын негиздөөчүсү Эдвард Тейлор бир катар изилдөөлөрүндө жомоктук ойдон чыгаруунун келип чыгышы маселеси боюнча далилдердин жана ой жүгүртүүлөрдүн дыкат ойлонулган системасын берет. Тейлор алгачкы коомдогу адамды изилдөөгө белсенген алгачкы окумуштуулардан болуп калды.

Алгачкы коомдогу адамдын психикасын изилдөө Тейлорду анимизм (anima - жан, рух) тууралуу окууга түрттү. Ал анимизм – алгачкы коомдогу адамдын көз карашы деген пикирге келет, ага ылайык бизди курчап турган бардык нерсенин жаны же рханий башаты бар деп айтылат. Таштар сүйлөшөт, бак-дарактар аларды кыйып жатканда кансырап, ал эми күн никеге турат. Тейлор биринчилерден болуп динди күндү жандандырууга карата ишеним эле эмес, бул дүйнөдө кандайдыр бир руханий башаттын бар экендигин таануу катары аныктайт. Тейлордун пикири боюнча бардык элдер өнүгүүнүн окшош жолун басып өтөт. Заманбап Европанын бардык элдери качандыр бир убакта азыркы учурдагы «жапайы» элдер жашап жаткан алгачкы коомдук абалда болушкан. Мындай салыштыруунун чөйрөсүнө ал адамзаттын өнүгүүсүнүн баштапкы баскычтарын билдирген алгачкы коомдогу элдердин мифтерин да киргизген. Анын пикири боюнча, заманбап маданият бул алгачкы коомдогу маданияттын аңдалбаган, кайрадан каралып чыккан калдыктарын камтып турат. Ошентип, жомок – бул алгачкы коомдогу мифтин калдыктары, дейт Тейлор.

Тейлордун ишин улантуучулар Эндрью Лэнг жана Джеймс Джордж Фрезер анын жомоктун генезиси жана мифтин келип чыгышы тууралуу ойлорун дагы улай тереңдетишти. Лэнг биринчилерден болуп жомокту изилдөөгө социалдык турмушту тартты. Фольклордук көрүнүштөрдүн окшоштугу анын айтуунча, социалдык институттардын окшоштугуна алып келет.

XX кылымда фольклористиканын өнүгүүсүндөгү кийинки маанилүү этаптардын бири болуп Е.М. Мелетинскийдин «Мифтин поэтикасы» аталыштагы эмгеги эсептелет, мында автор мифтин, жомоктун, эпостун келип чыгуусун негиздейт. Ал В.Я. Пропптун айткандарынын көпчүлүгүнө ынануу менен, анын миф менен жомоктун карым-катышы тууралуу ойлорун дагы тереңдеткен. Пропп сыяктуу эле, ал жомоктун келип чыгуусун мифологиялык булактар көз карашынан карайт: «Жомоктук семантика мифологиялык булактарга таянуу менен гана түшүндүрүлүшү мүмкүн». Мелетинскийдин эмгегинде: «жомоктун мифтен келип чыгуусу эч кандай күмөндүүлүк жаратпайт» - деп ынанымдуу айтылат.

Байыркы уруулук түзүлүштө кайсы бир адамдардын тобу менен кандайдыр бир жаныбардын ортосундагы туугандык байланышка болгон ишеним кеңири тараган. Жаныбар кандайдыр бир деңгээлде башталгыч – тотем (оджибве түндүк америкалык индей уруусунун тилинен которгондо «уруу», анын уруусу» дегенди билдирет) болуп эсептелген. Тотемизм – уруунун колдоочусу, анын башчысы эсептелген тигил же бул жаныбарга же өсүмдүккө сыйынуу. Тотемизм адамдын жаратылыш менен болгон байланышын, ага көз карандылыгын диний аңдоонун өзгөчө формасы болуп эсептелет.

Байыркы адамдардын тотем тууралуу түшүнүктөрү мифтерде, андан соң жаныбарлар тууралуу жомоктордо чагылдырылган. Е.Мелетинский миф менен жомоктун ортосундагы байланышты аларга тотемизмдин тийгизген таасири көз карашынан өткөрөт. «Көптөгөн тотемдик мифтер жана өзгөчө трикстер тууралуу мифологиялык анекдоттор жаныбарлар тууралуу жомоктордо кеңири чагылдырылган. Мифологиялык генезис кереметтүү «убактылуу айбан терисин таштаган тотемдик жандык менен болгон никеси…» тууралуу кереметтүү жомоктордун сюжеттеринде универсалдуу жайылтылган. Е.М.Мелетинский жомоктун ритуалдар, арнап-өткөрүү ырым-жырымдары менен байланышы тууралуу маселеде В.Я. Пропптун изилдөөлөрүн улантып: «…жомок инсандын тагдырына болгон кызыгуусу менен арноо тибиндеги ритуалдар менен коштолгон мифологиялык мотивдерди кеңири колдонот» - дейт. Андыктан «…кереметтүү жомоктор бир катар маанилүү символдордун, мотивдердин, сюжеттердин, жалы эле өзүнүн түзүлүшү үчүн арноо ритуалдарына милдеттүү…» [8, 115].

Мелетинскийдин ишинде принципиалдуу жаңы нерсе катары мифтин төмөнкү негизги баскычтар ар-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

кылуу акырындык менен жомокко трансформацияланышы тууралуу оюн келтирүүгө болот, алар: мифти деритуалдаштыруу жана десакралдаштыруу, мифтик окуялардагы чындыкка болгон ишенимдин алсыздашы, акыл-эстүү ойлоп табуунун өнүгүүсү, этнографиялык конкреттүүлүктүн жоголушу, мифтик каармандардын кадимки адамдар, ал эми мифтик мезгилдин – жомоктук-белгисиз убакыт менен алмаштырылышы, этиологизмдин солгундашы жана жоголушу. Жамааттык тагдырлардан жеке тагдырга, космостук көрүнүштөн социалдыкка көңүл бурула баштады.

Австралиялык мифтерди карап жатып, окумуштуу мифти жомокко айландыруу үчүн маанилүү стимул катары десакралдаштыруу эсептелет деген жыйынтыкка келген. «Тотемдик мифтен тотемдик ата-бабалардын мифтик багыттары, алардын уруштары жана кырылыштары, ар кандай авантюралуу учурлар тууралуу ыйык маалымат алынып салынып, ага карата вариациялоодо жана ойдон чыгарууда эркиндик кенен берилет». Акырындык менен жомоктун жетиштүү деңгээлде шарттуу поэтикалык «мифологиясы» жаралат. Этиологиядан баш тартылат. Белгилүү бир мифтик соңуна чыгуу түзүлүп, ал бара-бара орнаменттик ролун жоготуп, «бара-бара «моралдык» жаныбарлар тууралуу жомоктордон сүрүп чыгарылып, ал эми кереметтүү жомоктордо – стилистикалык формулалар менен алмашат». Мифти жомоктон айырмалап туруучу эң башкы өзгөрүү – баяндоо масштабынын «тарышы» жана каармандын жеке тагдырына кызыгууну бурушу.

В.П. Аникин чыгыш славян элдеринде дубанын, ыйык аракеттердин милдетин аткарган сөздүн мааниси зор экенин белгилейт: «Жомокто жомоктук ойдон чыгаруу менен магиялык аракеттердин байланышын кереметтүү сөз жөнүндө сөз болгондо көрөсүң. Ал сөздү айткандан кийин бүт аалам сөз сыйкыры тууралуу билген адамдын эркине баш ийип калат… Бир эле сөз менен алтын сарайлар, хрусталь көпүрөлөр, жолдор курулуп, шаарлар салынат, чоң килемдер токулат». Ошентип, жомоктогу кереметтүү аракеттердин мүнөзү элдик магиянын түрү жана тиби менен дал келет. Магиялык ырым-жырымдын жана сөз формулаларынын жардамы менен адамдарды айыктырууга да аракеттер жасалган. Кереметтүү жомоктордо сүйүү магиясынын ар кандай түрлөрү кездешет.

Аникиндин пикири боюнча, «кереметтүү жомоктор искусствонун көрүнүш катары улитардыктиричилик максатты көздөгөн байыркы аңгемелерди кайрадан карап чыгуунун натыйжасында пайда болгон». Эмгекти чындык кайрадан карап чыгуунун негизи катары эсептеп, окумуштуу «идеологиялык синкретизм диндин, илимдин жана искусствонун куюлушуп кетүүсү менен айырмаланып турган мифологиялык ой жүгүртүү адам өз эмгеги менен өзгөртө алган чындыкты булак кыла алган» - деген тыянак чыгарат.

Биздин пикирибизче, Леви-Стросстун идеялары өзгөчө кызыгууну туудурат, «Мифтердин түзүлүшү» жана «Түзүлүш жана форма» деген эмгектеринде ал мифологиялык ой жүгүртүүнү жамааттык аңдалбаган, уруунун жашоосунун башка аспектилеринен салыштырмалуу көз каранды мифологиялык ой жүгүртүү катары карайт, аны адамдын акылынын жана анын түзүлүшүнүн «анатомиясын» аныктоо үчүн ыңгайлуу объект катары карайт. К. Леви-Стросс миф менен жомоктун карым-катышы тууралуу маселени алып чыгып, аны чечүүгө аракет жасаган. Анын пикири боюнча «…азыркы кезде мифтер жана жомоктор бири-бирине өбөк-жөлөк болуп жашап келет, бир жанр экинчинин калыктары катары эсептелбеши керек, болгону, жомоктор өзүнөн өзү эле колдонуудан чыгып калган байыркы мифтер тууралуу эс тутумду өзүндө сактап турбаса». Мындай жоромолдор далилсиз болгону менен, күнүмдүк этнографиялык байкоо жүргүзүүлөр көрсөткөндөй, тескерисинче, миф менен жомоктор жалпы субстанцияны эксплуатациялайт, бирок ар кимиси өз алдынча. Ата-бабалары урпактарына же баштапкы форма туунду формага тиешелүү болгондой, миф жомокко тиешеси жок. Аларды бири-бири менен толуктоо мамилеси байланыштырып турат. Жомок – бул өзүнүн тамырын кенен жайган өзүнчөлүк. Ушул эле эмгегинде Леви-Стросс миф менен жомоктун мүнөздүү белгилерин аныктайт: «… мифтер жана жомоктор тилдик модустун маңызы болгону менен, алар үчүн анын «гиперструктуралык» полдонулушу мүнөздүү: алар түзүлүштүк уюмга бардык деңгээлдер ээ болгон «метатилди» түзүшөт». Мындай өзгөчөлүк мифти жомоктон, тарыхый романдык баяндоолордон дароо ажыратууга мүмкүндүк берет.

Иштин жүрүшүндө биз жомоктун пайда болуусун далилдөөнүн натыйжалуу ыкмасы болуп тарыхый усул эсептелерине ынандык: биринчиден, белгилүү мезгилге – жердин жаралуусуна байланыштуу; экинчиден, элдик жомокту аныктоо максатында тарыхый мамиле анын келип чыгуусунун сырткы объектисине кайрылууга мүмкүндүк берет. Элдик жомоктун пайда болуусу тууралуу маселеде, биринчи кезекте, биз жомоктор дүйнө элдеринин фольклордук мурасынын контекстинде пайда болот жана өнүгөт деген фактыга таяндык.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Ошентип, илимде жомоктун пайда болуусунун үч теориясы калыптанган: мифологиялык, адабий башкалардан өздөштүрүү, антропологиялык. Мифологиялык мектептин негиздөөчүлөрү индоевропалык биримдик доорунда жомоктор миф болгон, алардын негизинде асман, күн, чагылган, күндүн күркүрөшү, кудайлар тууралуу алгачкы коомдогу калыптанган түшүнүктөр камтылган деп айтышат. Жомок алгачкы коомдогу мифтин чагылдырылышы деп эсептелген.

Жомоктук жанрдын генезиси маселеси боюнча фольклористикада олутуу салым кошкон эмгектердин катарына окумуштуу В.Я. Пропптун «Жомоктун морфологиясы» («Морфология сказки») жана «Кереметтүү жомоктун тарыхый тамырлары» эмгектери эсептелет, мында жомокту стадиялуу изилдөө идеясы каралган. Пропп жомоктун келип чыгуусуна материалисттик негиз берген, мында ал коомдун өнүгүүсүнүн социалдык-тарыхый мыйзамдарына негизделген.

Адабияттар:

1. Соколов Н.М. Изучение литературных произведений. - М. - Л.: Гос. изд-во, 1928. – 160 с.
2. Ахметзянов М.Г. Изучение литературных взаимосвязей в татарской школе: Пособие для учителя. - Казань: Тат. кн. изд-во, 1979. – 129 с.
3. Татарское народное творчество: в 14т. Т1: Сказки о животных и волшебные сказки (Акад. наук. Татарстана; Ин-т языка, лит.и искусства им. Г. Ибрагимова.) - Казань.: Раннур, 1999. – 352с.
4. Аникин В.П. Русская народная сказка: Пособие для учителя. - М.: Учпедгиз, 1959.-255 с.
5. Аникин В.П. Искусство психологического изображения в сказках о животных. - В кн.: Фольклор как искусство слова / Под ред. Н.И. Кравцова. - М., 1969, вып. 2.
6. Беленький Г.И. Теория литературы в средней школе (VII - X классы). - М.: Просвещение, 1976. – 222 с.
7. Бахтина В.А. Эстетическая функция сказочной фантастики. Изд-во Саратовского ун-та, 1972. – 92с.
8. Пропп В.Я. Морфология сказки. - 2-е изд. - М., 1969 (1-е изд.: Л., 1928).
9. Солтобаева К.Б. Трансформация сказки через письменность. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 6. С. 169-172.
10. Жороева А.Р. Роль эмоционально-экспрессивных слов при познании концепта «человек» в кыргызских народных сказках. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 9. С. 138-140.
11. Саттарова А.Т., Каримбаева Т.М. Воспитательная и образовательная функции обучения литературным произведениям в эпоху глобализации. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 2. С. 251-256.